Ачылган аппак гүл көрсөм, Окшотуп коём өзүңө. Жанымдын жармы сенде деп, Жалжалым, көрүнгүм келет көзүңө. Күттүрдүң мени гүл бакта, Күүгүмдө келдим сен үчүн. Таалайдын таңы өңдөнүп, Жалжалым, жаралсаң керек мен үчүн. Ойдогу сырды айта албай, Аптыгып кетет жүрөгүм. Жаңсасаң боло жактырсаң,  Жалжалым, канчага минтип жүрөмүн.  Күн түнү кетпей эсимден, Күйүткө түштүкм сен үчүн. Туткунуң болдум багындым, Жалжалым, буйругуң барбы мен үчүн.